



**“Киберкоопсуздук: Уюштуруучулук жана укуктук процесстер, эл аралык жана улуттук стандарттар, көйгөйлөр, коркунучтар, чакырыктар жана алардын Борбордук Азия өлкөлөрүнүн улуттук коопсуздугуна тийгизген таасири “**аттуу эл аралык илимий- практикалык конференция

Бишкек шаарында 2026-жылдын 21-январында Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Юридикалык институтунун, кылмыш-жаза укугу жана криминология кафедрасы, Кыргызстан юристер Ассоциациясы жана Борбордук Азиядагы (Германия) Конрада Аденауэра Фонду биргелешип “Киберкоопсуздук: Уюштуруучулук жана укуктук процесстер, эл аралык жана улуттук стандарттар, көйгөйлөр, коркунучтар, чакырыктар жана алардын Борбордук Азия өлкөлөрүнүн улуттук коопсуздугуна тийгизген таасири “аттуу темада эл аралык илимий- практикалык конференция өткөрүштү.

Эл аралык илимий- практикалык конференцияга Кыргызстандан, Президентин Аппаратынын өкүлдөрү, министрликтердин өкүлдөрү,укук коргоо органдарынын кызматкерлери,коомдук жана эл аралык уюмдар, эксперттик-аналитикалык жана изилдөө борборлору, илимий-педагогикалык жана ишкерлик коомчулуктун өкүлдөрү, чет элдик эксперттер жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү активдүү катышышты.

Ал эми чет элдик окумуштуулар катары Таджикистандан, Казакстандан жана Өзбекстан Республикасынан жогорку окуу жайларынан келген жетекчилери катышышты.

Илимий конференциянын жүрүшүндө Таджикистан Республикасындагы М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин филиалы, Казакстан Республикасынын ИИМ караштуу Актөбе институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттери өз ара кызматташуу меморандумуна кол коюшту. Конференцияда Кыргызстандык жана чет элдик жогорку окуу жайлардан келген баяндамачылар программа боюнча докладдарын окушту. Ар бир докладдан кийин киберкоопсуздук маселери кызуу талкууга алынды.

Казакстандан келген полициянын полковниги, философия доктору Кайнар Ерболат Ержанулу “Киберкоопсуздук: учурдагы чакырыктар жана Казакстандын укук коргоо органдарынын тажрыйбасы” деген темада, Таджикистандык юридика илиминин доктору, профессор Динор Азиз Мусо “Киберкоопсуздукту укуктук жактан жөнгө салуудагы КМШ өлкөлөрүнүн тажрыйбасы” деген темада, ал эми Өзбекстандын Наманган мамлекеттик университетинен келген философия илимдерин доктору, доцент Ш.А. Хайдаралиев “Борбордук Азиядагы киберкоопсуздуктун саясий аспектилери” деген темада баяндамаларды окушту. Ар бир баяндамаларда киберкоопсуздукка тиешелүү болгон негизги маселер жана көйнөйлөр талкууланып аны бирдиктүү чечүү маселелери дагы сунушталды.

Ош мамлекеттик университетинин тарых- юридика институтунун криминалистика ,соттук экспертиза жана бажы иши кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин кандидатты, доцент Арстанбеков Мамасалы Сарбашович “Интернет алдамчылыктын заманбап виктимологиялык аспектилери”деген темада доклад жасады. Докладда интернет колдонуучулардын саны өскөн сайын, алдамчылык жол менен акча табууга аракет кылган кылмышкерлердин саны көбөйүп жаткандыгы тууралуу жана анын виктимологиялык аспектилери жөнүндө баяндалып кызуу талкууланды.

Конферециянын аягында резолюция кабыл алынып мыкты катышуучуларга уюштуруучу тарабынан сертификаттар берилди.







KONRAD ADENAUER STIFTUNG
МЕЖДУНАРОДНАЯ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ
«КИБЕРБЕЗОПАСНОСТЬ: ОРГАНИЗАЦИОННО-ПРАВОВЫЕ ПРОЦЕССЫ, МЕЖДУНАРОДНЫЕ И НАЦИОНАЛЬНЫЕ СТАНДАРТЫ, ПРОБЛЕМЫ, УГРОЗЫ, ВЫЗОВЫ И ИХ ВЛИЯНИЕ НА НАЦИОНАЛЬНУЮ БЕЗОПАСНОСТЬ СТРАН ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ»
21 января 2026 года
09.00-16.30 AM
г. Бишкек, ул. Орозбекова, д. 87,
конференц-зал гостиницы «Парк Отель»